И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д.13.23.673 диссертациялык кенешинин мучөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын "Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары" аттуу темада 13. 00. 02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

**1. Коргоого кабыл алынган диссертациялык иштин диссертациялык кещештин шифрына ылайык адистикке туура келиши.** Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын "Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары" аттуу темадагы диссертациялык иши Д 13.23.673 диссертациялык кецешинин адистигине туура келет;

-диссертациялык изилдөөдө камтылган илимий-методикалык проблемалар 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына шайкеш келет.

**Диссертациянын максаты:** орто мектептерде кыргыз тилин окутуунун натыйжалуугуна жетүүнүн технологияларын иштеп чыгуу, жыйынтыктарын эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү, практикада колдонууга сунуш кылуу.

***Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер чечилген:***

-темага байланыштуу педагогикалык-методикалык, практикалык-колдонмолорду адабияттарды окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, кыргыз тили сабагынын азыркы практикадагы абалын аныктоо.

-кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугуна коюлуп жаткан азыркы дидактикалык талаптарды аныктоо, аларды аткаруунун теориялык жана практикалык маселелерин чечүүнүн жолдорун сунуштоо.

- азыркы кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктап, аларды кыргыз тилин окутуунун практкиасында пайдалануунун ык-жолдорун, каражаттарын көрсөтүп, колдонууга сунуш кылуу.

-иштелип чыккан методикалык ой-сунуштардын алгылыктуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерип, практикада сунуш кылуу.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталган:**

-кыргыз тили сабагы илимий-теориялык жактан кыйла иштелип, көптөгөн тажрыйбалар топтолсо да сабакта коюлган максаттар толук ишке ашпай, кыргыз тили сабагы мектептеги предметтердин ичинен проблемалуу сабактардын катарында калып келаткандыгы;

-кыргыз тилин окутуунун методикасы илимий азыркы суроо-талаптарга жооп бергендей ондогон эмгектерди жаратса да, кыргыз тили сабактарынын натыйжалуулугун жогорулатуунун технологиялары өзүнчө изилдөөнүн, диссертациялык иштин темасы катары иштелбей келгендиги;

-мектептердеги кыргыз тили жана адабияты кабинеттери азыркы жабдыктар, керектүү каражаттар менен жабдылып, кыргыз тили боюнча сабакты уюштуруп, өткөрүүгө кыйла жакшы шарттар түзүлгөндүгүнө карабастан, кыргыз тил сабагынын натыйжалары али да төмөн бойдон калып келет ж.б.

Аныкталган карама-каршылыктарды жоюу жана ал аркылуу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун шарттарын жана ык-жолдорун аныктоо ишибиздин **актуалдуулугун** айкындап, көрсөттү.

**3. Илимий жыйынтыктары:** *-изилдөөдө алдына коюлган милдеттерине жараша педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*, т.а. азыркы учурдагы окуучулардын кыргыз тилин окууга болгон кызыкчылыктарынын төмөндөшү сыяктуу. жүйөөлөр кыргыз тили мугалимдерине окуучулардын ар бирин, ар бир класстын өзгөчөлүгүн эске алып, инсанга багыттап окутуунун талаптарына артыкчылыктуу маани берүүлөрү зарыл экендигин тастыктап турары, окутуунун жана тарбиялоонун оптималдуу вариантын тандап алуу, алуу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги дидактикалык-методикалык шарты болоору;

- кыргыз тили боюнча өтүлүүчү ар бир сабактын максаты, темага ылайык тандалып, ошол сабакка ылайык окутуунун ык-жолдору жана каражаттары, сабактын натыйжалуулугун алдын-ала пландаган ык-жолдор, сабактагы ыңгайга жараша колдонулган башка каражаттар, ага коюлган критерийлер ж.б. иштелип чыккан.

-кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө болуучу методикалык шарттар боюнча иштелип чыккан дидактикалык шарт-талаптар, методикалык аныкталган шарттары, аларды практикада колдонуу боюнча биз иштеп чыккан ой-сунуштардын, жоболордун алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин педагогикалык-эксперименттин иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыкталган.

**3.1. Алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү булар менен аныкталат,** *т.а изилдөөдө төмөндөгүдөй көңүл буруучу идеялар айтылган*

*жана алар изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдейт:* кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгы, анда сабактын максаттары, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелер, окутуунун жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздеринин талапка ылайык иштелип чыгышы ж.б.

**3.2.** ***Иштин теориялык маанилүүлүгү булар:*** кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгы.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси)** изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү ой-сунуштар, берилген үлгүлөр кыргыз тили мугалимдерине сабакты даярдоого, план түзүүгө, уюштурууга жана сабакты өткөрүүгө даяр теориялык жана практикалык маалыматтарды бере алгандыгы “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” курсунда сабак боюнча мазмунун байытууга кызмат кылгандыгы, кыргыз тили сабагын азыркы талапка ылайык жүргүзүүгө керектүү материалдарды бере алгандыгы менен түшүндүрүлөт:

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары 11 макалада, анын ичинен 4 илимий макала КР УАК тарабынан сунушталган басылмаларда жана 2 макала РИНЦ системасында жарыяланган.

**Натыйжада, Черикчиева Гулмира Мейманбековна “Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары”** аттуу темадагы диссертациялык иши кыргыз тилин натыйжалуу окутууда окуучулардын компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдору, шарттары, формалары, методдору жана технологиялары аталган тармак үчүн маанилүү болуп саналат.

Авторефераттын мазмуну диссертация менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары дал келет.

**1.Сын пикирлер:** - Изилдөөдө кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу маселеси көтөрүлүп жаткан соң, 1-главада учурда кыргыз тилин натыйжалуу окутууга кедерги болуп жаткан илимий-методикалык көрүнүштөр дагы да жетишерлик анализдесе болмок;

- окутуунун натыйжалуулугунун дидактикалык белгилери жана каражаттары системалуу, мисалдар менен сабак процессинде чагылдырылса, жеткиликтүү, көрүнүктүү болмок;

- кыргыз тилин конкреттүү класстарда, программалык темалардын негизинде окутуунун натыйжалуулугун көрсөткөн практикалык мисалдар менен коштолуусу керек:

- экспериментте кайсы класстарда, кандай тилдик жана кептик темалар менен кандай натыйжага жетишилгенин көрсөтүү керек.

7. *Эскертүүлөр:* Бул айтылгандар расмий коргоого чейин изденүүчү тарабынан оңдолуп-толукталат, албетте, изденүүчүнүн мүмкүнчүлүгү буга жетиштүү экендиги байкалат.

8. *Сунуштар: Диссертациялык ишти расмий коргоого оппонент катары төмөндөгүлөр сунушталат:*

**1-расмий оппонент катары** п.и.д., профессор С.К.Рысбаев, шифри – 13.00.02**.** *Анын бул темага жакын эмгектери:*

-Алиппе, 1-класс үчүн окуу китеби, Б., “Учкун” басма үчү, 2023-ж.

-Кыргыз тили, 2-3-класстар үчүн окуу китептери, Б., “Принтэкспрес”, 2022-ж.

-Кыргыз тили, адабияты мугалимине 100 кеңеш, Б., Б., “Принтэкспрес”, 2020-ж.

-Кыргыз тилин үйрөтүү технологиялары, Б., 2023-ж.….

-Кыргыз тилин экинчи тил катары окуутуунун теориялык жан апрактикалык маселелери, Б. 2019-ж.

**2-расмий оппонент қатары** п.и.к., доцент Т.Жороев сунушталат.Анын корголуп жаткан диссертацияга мазмундаш эмгектери:

- Сынчыл ойлоону өстүрүү программасынын негизинде кыргыз тили сабагында текст түздүрүү. Труды международной научной конференции. Ош, 2001-ж.

-Орто мектептин жогорку класстарында ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тексттерди түздүрүүнүн айрым ыкмалары. Мамлекеттик тил. Окутулушу жана изилдениши. Республикалык конференция, Ош, 2001-ж.

-Окуучуларды жазуу ишине көнүктүрүүдө окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу. Кызыл-Кыя, 2003, 6 б.

- Фонетиканы окутуунун мааниси жана аны окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу, Б., 2001.

-Тууранды сөздөрдү окутууда дидактикалык оюндарды жана окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу, Ош, 2001, 8 б.т.

- Кыргыз тили, практикалык курс, Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген, Бишкек, 2020-ж.

**Жетектөөчү мекеме катары** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана башталгыч билим берүү кафедрасы сунушталат.

9. *Бүтүм:* Жогорудагы айтылган сын-пикирлер, эскертүүлөрдү боюнча оңдоолор жана толуктоолордон кийин изденүүчү **Черикчиева Гулмира Мейманбековна “Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары”** аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык жазылган диссертациялык ишин расмий коргоого сунуштоого болот.

**Эксперт:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**
**Күнү:** **5-июнь, 2024-ж.**

Кол тамгасын тастыктайм
кадрлар бөлүмүнүн башчысы А. Асанова

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления в ДС Д 13.23.673
заключения 05.06.2024г
Уч. секр. ДС Осурбаева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ